**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**6-класс**

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***

Талаанын желбей калган бөлүгүнүн аянтын тапкыла.

**Маалыматтык материал:**

Тегеректин аянтынын формуласы:

**$S=\pi r^2$, мында $\pi=3{,}14$**

**Бир туура жоопту тандагыла:**

А) 86 $м^2$

Б) 314 $м^2$

В) 400 $м^2$

Г) 1256 $м^2$

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалонун мазмундук аймагы: геометриялык фигуралар жана формалар
- Баалоонун компетенттүү аймагы: колдонуу
- Контекст: билим берүүчү
- Деңгээли: жогорку
- Жооптун форматы: бир туура жоопту тандоо
- Баалоо объектиси: Аянтты табуунун формулаларын колдонуп, фигуралардын аянтын табуу
- Максималдык балл: 1 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Үй эчкиси**




Үй эчкиси- сүт эмүүчүлөр түркүмүндөгү көңдөй мүйүздүү, адамдар тарабынан биринчилерден болуп колго көндүрүлгөн үй жаныбарларынын бири.

Эчкилер аябай соргок болушат.

Мейли, жерди тегиз деп эсептейли. Казык менен арканга байлап койсо дагы, эчки жеткен жеринин баарын калтырбай жейт.

Айдардын эчкиси бар эле. Эчки оттой турган талаа квадрат формасында, жагы 20 м. Ал эчкини оттой турган талаанын так ортосуна казык кагып, 10 м аркан менен сүрөттөгүдөй байлап койду. Эчки радиусу 10 м болгон тегеректин ичиндеги чөптүн баарын жейт. Маселенин шартында эчкини чекит деп элестетели, радиусу 10 м тегеректен ашык чыга албайт жана тегеректин ичиндеги чөптүн баарын жейт.



**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | А) 86 $м^2$ |
| 0 | Башка жооп же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***2-тапшырма.***

Улактар жеген жайыттын бөлүгүнүн аянтын тапкыла.

Тегеректин аянтынын формуласын колдонгула: **$S=\pi r^2$, где $\pi=3,14$**

**Жообун түшүндүрүү менен жазгыла:**


## Үй эчкиси



Үй эчкиси - сүт эмүүчүлөр түркүмүндөгү көңдөй мүйүздүү, адамдар тарабынан биринчилерден болуп колго көндүрүлгөн үй жаныбарларынын бири. Эчкилер аябай соргок болушат.

Мейли, жерди тегиз деп эсептейли. Казык менен арканга байлап койсо дагы, эчки жеткен жеринин баарын калтырбай жейт.

Айдардын 4 улагы (улак–эчкинин баласы) бар. Ал эми улактар оттой турган жайыт, жагы 20 м болгон квадрат формасында. Айдар аларды сүрөттөгүдөй ошол талаанын төрт бурчуна казык кагып, ар бирин 10 метрлик аркан менен казыктарга байлап койду. Улактар жайыттын кандайдыр бир бөлүгүнүн чөбүн жешти.



Талаанын желбей калган бөлүгү

Талаанын желген бөлүгү

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалонун мазмундук аймагы: мейкиндик жана форма
- Баалоонун компетенттүү аймагы: колдонуу
- Контекст: билим берүүчү
- Деңгээли: жогорку
- Жооптун форматы: кыска жооп берүү
- Баалоо объектиси: аянтты табуунун формулаларын колдонуп, фигуралардын аянтын табуу
- Максималдык балл: 2 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Баалоо системасы:**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | $314м^2$ чыгарылышы менен $S=3,14\times10^2=3,14\times100=314м^2$ |
| 1 | Эгер эсептөөдөн бир ката кетсе |
| 0 | Башка жооп же жооп жок болсо |